**2016-жылдын январь-апрель айларындагы акча-кредит көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

2016-жылдын январь-апрель айларында (Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча) экономиканын 4,9 пайызга түшүүсү белгиленген, ал эми 2015-жылдын январь-апрель айларында реалдуу ИДӨнүн өсүшү 6,5 пайызды түзгөн. "Кумтөр" алтын кен иштетүү боюнча ишканаларды эске албаганда, экономикада нөлдүк өсүш байкалган (2015-жылдын январь-апрель айларында өсүш 2,9 пайызды түзгөн).

2016-жылдын апрель айында инфляциянын жылдык мааниси 0,6 пайызга төмөндөгөн, орточо жылдык мааниси 0,8 пайызды түзгөн. Мында, Эл аралык валюта фондунун (ЭВФ) ыкмасы[1] боюнча эсептелинген базалык инфляция 2016-жылдын апрель айында жылдык мааниде 7,7 пайызды (2015-жылдын апрель айында – жылдык мааниде 7,3 пайызды) түзгөн эле.

Ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдай өтүп жаткан жылдын баш жагынан бери салыштырмалуу туруктуу болгон, мында АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсунун төмөндөө тенденциясы белгиленген. Улуттук банк 2016-жылдын январь-апрель айлары ичинде ички валюта рыногунда алмашуу курсунун кескин өзгөрүүлөрүн жеңилдетүү максатында, чет өлкө валютасын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча да операцияларды ишке ашырган. Чет өлкө валютасын сатып алуунун таза көлөмү 16,8 млн АКШ долларды түзгөн. 2016-жылдын январь-апрель айлары ичинде алмашуу курсу 9,9 пайызга төмөндөгөн жана апрель айынын акырына карата 1 АКШ доллары үчүн 68,4200 сомду түзгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында доллардын сомго карата 2,0 пайызга бекемделиши байкалган).

Түптөлгөн макроэкономикалык шарттарды, ички валюта рыногунда салыштырмалуу туруктуу жагдайды жана инфляция боюнча болжолдоолорду эске алуу менен Улуттук банк Башкармасынын чечими менен эсептик чен өлчөмү 2016-жылдын 29-мартынан тартып 200 базистик пунктка, 8,00 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. "Овернайт" кредиттери жана депозиттери боюнча пайыздык чендин жогорку жана төмөнкү чектери да өзгөрүп, 2016-жылдын апрель айынын акырына карата тиешелүүлүгүнө жараша 10,00 жана 1,00 пайызды (2015-жылдын апрель айынын акырына карата тиешелүүлүгүнө жараша 14,00 жана 5,00 пайызды) түзгөн.

Банктар аралык кредит рыногунун чендери 2016-жылдын январь-апрель айларында кыйла узак мөөнөткө түзүлгөн жана ал боюнча максималдуу чен 16,0 пайызды түзгөн улуттук валютадагы айрым кредиттик бүтүмдөрдү эске албаганда, Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чендин чегинде жайгашкан. Мында, репо бүтүмдөрү боюнча пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы байкалган. Эгерде, 2016-жылдын январь айында репо бүтүмдөрү боюнча орточо алынган пайыздык чен 9,96 пайызды түзгөн болсо (орточо мөөнөттүүлүк – 4 күн), ал эми апрель айында ал 2,09 пайызды түзгөн (орточо мөөнөттүүлүк – 14 күн). Бүтүндөй алганда, отчеттук мезгил ичинде банктар аралык кредит рыногунда коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгү жогору болушунун негизинде жигердүүлүктүн төмөндөшү белгиленген. 2016-жылдын январь-апрель айларында бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 3,7 млрд сомду түзгөн, бул 2015-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 77,6 пайызга аз, мында апрель айында 475,2 млн сом суммасына бүтүмдөр келишилген.

2016-жылдын январь-апрель айларында акча базасы 71,2 млрд сомду түзүү менен 6,2 пайызга же 4,2 млрд сомго көбөйгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында 5,3 пайызга кыскарып, 61,0 млрд сомду түзгөн). Жылдык мааниде камдык акча көлөмүнүн 16,7 пайызга өсүшү байкалат, ал эми 2015-жылдын апрель айында (2015-жылдын апрель айы/2014-жылдын апрель айы) ушул көрсөткүчтүн 12,2 пайызга төмөндөшү белгиленген.

[1] Жалпы инфляциядан азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү алынып салынат.

2016-жылдын январь-апрель айларында акча базасынын көбөйүшүнө Өкмөттүн операцияларын 5,9 млрд сомго ишке ашыруусу таасир эткен, ал эми Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,7 млрд сомго кыскарткан.

Улуттук банк тарабынан 2016-жылдын январь-апрель айларында арылтуу операцияларын ишке ашыруусу банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктүн жогору болушу менен шартталган. 2016-жылдын январь-апрель айларында арылтуу операцияларын жүргүзүүгө чейин үстөк камдардын орточо күндүк көлөмү 8,2 млрд сомду түзгөн, бул өтүп жаткан жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 2,8 эсеге көп. Апрель айынын акырына карата үстөк ликвиддүүлүк көлөмү 12,4 млрд сом деңгээлинде түптөлгөн.

2016-жылдын март айында "овернайт" депозиттери боюнча чендердин төмөндөшүнө карабастан, алардын көлөмү отчеттук мезгил ичинде көбөйгөн. 2016-жылдын январь-апрель айларында жайгаштырылган каражаттардын дүң көлөмү 413,4 млрд сомду, анын ичинде 2016-жылдын апрель айында – 192,5 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында дүң көлөмү 84,4 млрд сомду түзгөн эле). Аукцион катышуучулары тарабынан Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарына байкалып жаткан жогорку суроо-талапты эске алуу менен апрель айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 1,00 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруунун дүң көлөмү 35,3 млрд сомду (2015-жылдын январь-апрель айларында – 21,7 млрд сомду) түзгөн.

Ошентип, 2016-жылдын январь-апрель айларында арылтуу операцияларынын орточо күндүк көлөмү (Улуттук банктын ноталарын сатуу жана Улуттук банкта "овернайт" депозиттерине жайгаштыруу) 7,2 млрд сомду (2015-жылдын январь-апрель айларында – 2,3 млрд сомду) түзгөн.

Жергиликтүү экономиканын өсүш арымдарынын басаңдашынын алкагында экономиканын реалдуу секторуна дем берүү чараларын колдоо максатында, 2016-жылдын январь-апрелинде Улуттук банк тарабынан акча базасынын көбөйүшүнө салым кошкон кредиттик операциялар да ишке ашырылган:

– кредиттик аукциондун алкагында берилген кредиттер көлөмү (республиканын областтарында айыл чарбаны кредиттөө максатында) 1,07 млрд сомду түзгөн;

– Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлигинин алкагында башка мамлекеттер менен биргеликте түзүлгөн эл аралык уюмдарга берилген кредиттердин көлөмү 350,0 млн сомду түзгөн;

– ипотекалык кредиттерди чет өлкө валютасынан улуттук валютага конвертациялоо боюнча программанын алкагында берилген кредиттердин көлөмү 1,9 млрд сомду түзгөн.

Ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу да акча базанын көбөйүшүнө таасир эткен. 2016-жылдын январь-апрель айларында валюталык интервенциялар аркылуу банк тутумуна 797,7 млн сом суммасына сом түрүндөгү ликвиддүүлүк сунушталган (таза позиция).

2016-жылдын январь-апрель айларында милдеттүү камдар апрель айынын акырына карата 7,3 млрд сомду түзүү менен 11,0 пайызга төмөндөгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында милдеттүү камдар 3,1 пайызга көбөйгөн).

Акча базасынын түзүү булактары боюнча таза чет өлкө активдеринин (+1,5 пайыздык пункт) жана таза ички активдердин (+4,7 пайыздык пункт) өзгөрүүсү анын көбөйүшүнө салым (6,2 пайыз) кошкон. Курстук айырманын, коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы күрөөлүк камсыздоонун; жана башка бюджетке келип түшүүлөрдүн эсебинен Улуттук банктын таза эл аралык камдарынын өсүшү Улуттук банктын таза чет өлкө активдеринин 0,8 пайызга (же 1,0 млрд сомго) көбөйүшүнө салымды кошту. 2016-жылдын январь-апрель айларында дүң эл аралык камдар доллар эквивалентинде өтүп жаткан жылдын апрель айынын акырына карата 2,0 млрд АКШ долларын түзүү менен 196,0 млн АКШ долларына көбөйгөн.

Таза ички активдердин 5,7 пайызга же 3,2 млрд сомго көбөйүшү негизинен, капитал эсебинин 13,4 млрд сомго же 35,2 пайызга төмөндөшү жана Өкмөттүн Улуттук банктагы

депозиттериндеги калдыктарынын 404,4 млн сомго же 2,7 пайызга кыскарышы менен шартталган.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Кеңири мааниде колдонулуучу М2 [2] акча топтому 2016-жылдын январь-апрель айларында 13,1 пайызга көбөйгөн жана мезгил акырына карата 93,0 млрд сомду түзгөн, өсүш жылдык мааниде 21,6 пайызды түзгөн (2016-жылдын апрель айы/2015-жылдын апрель айы), мында апрель айы ичинде М2 акча топтому 8,0 млрд сомго көбөйгөн.

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы отчеттук мезгил ичинде 0,6 пайызга, 142,2 млрд сомго чейин төмөндөгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында 0,7 пайызга кыскарган). 2016-жылдын апрель айында М2Х жылдык өсүшү 15,0 пайызды түзгөн. Алмашуу курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда, М2Х акча топтому 4,2 пайызга көбөйгөн (өсүш жылдык мааниде 10,6 пайызды түзгөн).

Чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмүнүн азайышы М2Х кыскарышын шарттаган, алар 2016-жылдын январь-апрель айларында 19,1 пайызга, 49,2 млрд сомго чейин азайган, алмашуу курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, валюталык депозиттер 10,6 пайызга төмөндөгөн (өсүш жылдык мааниде 4,3 пайызды түзгөн). Мында, улуттук валютадагы депозиттер, тескерисинче, 23,2 пайызга, 35,9 млрд сомго чейин өскөн (өсүш жылдык мааниде 28,7 пайызды түзгөн). Отчеттук мезгил ичинде депозиттердин жалпы көлөмүнүн [3] төмөндөөсү апрель айынын акырына карата 85,1 млрд сомду түзүү менен 5,4 пайызды түзгөн.

Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын түзүү булактары боюнча, анын 0,6 пайызга өсүшүнүн терс арымдары банк тутумунун таза чет өлкө активдеринин (-5,5 пайыздык пункт) жана таза ички активдеринин (+4,9 пайыздык пункт) кошкон салымы менен шартталган.

Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунун таза ички активдеринин курамында экономикага кредиттин[4] 2,8 пайызга, 93,6 млрд сомго чейин төмөндөшү байкалган (2015-жылдын январь-апрель айларында экономикага кредит 9,4 пайызга көбөйгөн). Экономикага кредиттин жылдык өсүш арымдары 2016-жылдын баш жагына карата 17,2 пайыздан ушул эле жылдын апрель айында 4,1 пайызга чейин басаңдаган.

2016-жылдын январь-апрель айларында валюталар боюнча чет өлкө валютасындагы кредиттердин 19,2 пайызга төмөндөшү белгиленген (жылдык маани 8,3 пайызга төмөндөгөн), ал эми улуттук валютадагы кредиттер 2016-жылдын январь-апрель айларынын жыйынтыгы боюнча 16,2 пайызга көбөйүшүн көрсөткөн (жылдык маани 17,0 пайызга көбөйгөн). Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, экономикага кредиттин жалпы көлөмү 3,4 пайызга көбөйгөн (2015-жылдын январь-апрель айларында көбөйүү 8,2 пайызды түзгөн). Кредиттердин жалпы түзүмүндө чет өлкө валютасындагы кредиттердин үлүшү 2016-жылдын баш жагына карата 53,7 пайыздан апрель айынын акырына карата 44,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

Экономиканы доллардан арылтуу боюнча жүргүзүлүп жаткан саясатынын натыйжасында 2016-жылдын январь-апрель айларында кредиттерди жана депозиттерди долларлаштыруу деңгээлинин төмөндөөсү белгиленген. 2016-жылдын апрель айынын акырына карата кредиттерди долларлаштыруу 44,7 пайызды (жыл башынан бери -9,0 пайыздык пункт), М2Хде камтылган депозиттерди долларлаштыруу 57,8 пайызды түзгөн (-жыл башынан бери -9,8 пайыздык пункт).

---

[2] Банктардан тышкары нак акчаларды жана Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт.

[3] Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасына камтылуучу депозиттер.

[4] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери.

2016-жылдын апрель айынын акырына карата M2X акча топтому боюнча эсептелинген монетизациялоо коэффициенти 31,8 пайызды, M2 акча топтому боюнча – 19,1 пайызды түзгөн (2015-жылдын декабрь айына карата абал боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 30,5 жана 18,6 пайызды, 2015-жылдын апрель айына карата – 29,6 жана 20,0 пайызды түзгөн).

**Акча жүгүртүү тездиги**

2016-жылдын апрель айынын акырына карата (кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасы боюнча) акча жүгүртүү тездиги 3,1 түзгөн. Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акчанын мультипликатору өтүп жаткан жылдын 1-майына карата 1,997, M2 мультипликатору – 1,306 (2015-жылдын 1-майына карата – тиешелүүлүгүнө жараша 2,027 жана 1,253) түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын январь-апрель айлары ичинде Улуттук банктын кассасына 2015-жылдын тиешелүү мезгилине салыштарганда 1,8 млрд сомго же 8,6 пайызга азаюу, берүүлөр 6,8 млрд сомго же 40,1 пайызга көбөйгөн жана 23,6 млрд сомду түзгөн.

2016-жылдын январь-апрель айлары ичинде коммерциялык банктардын кассаларына өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 34,0 млрд сомго же 11,2 пайызга көбөйүү менен 335,9 млрд сом келип түшкөн, берүүлөр 42,6 млрд сомго же 14,3 пайызга көбөйгөн жана 341,5 млрд сомду түзгөн.

Төлөм системасында 2016-жылдын январь-апрель айларында системада орун алган финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 1,22 түзгөн (өткөн мезгилге салыштырганда 24,3 пайызга, 2015-жылдын ушул эле мезгилге салыштырганда 289,5 пайызга көбөйгөн), ликвиддүүлүк коэффициенти – 0,82 (өткөн мезгилге салыштырганда 19,5 пайызга, 2015-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 74,3 пайызга төмөндөгөн).